**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары**
**жана медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Кысанов Т.А.** ____________________
**«24»** ___марта___ **2026-ж.**

**Кошумча баракча - бейтап үчүн маалымат**

**Максигра, 50 мг, жука чел кабык менен капталган таблеткалар**
**Максигра, 100 мг, жука чел кабык менен капталган таблеткалар**

Таасир берүүчү зат: силденафил.

**Препаратты кабыл алуунун алдында кошумча баракчаны толугу менен окуп чыгыңыз, анткени анда сиз үчүн маанилүү маалыматтар камтылган.**

- Кошумча баракчаны сактап коюңуз. Сизге аны дагы бир жолу окуп чыгуу талап кылынышы мүмкүн.
- Эгер сизде кошумча суроолор пайда болсо, дарылап жаткан дарыгерге же дарыкананын кызматкерине кайрылыңыз.
- Препарат сизге гана дайындалган. Аны башка адамдарга бербеңиз. Алардын симптомдору сиздикине окшош болсо да, дары аларга зыян келтириши мүмкүн.
- Эгер сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар пайда болсо, анда дарылап жаткан дарыгерге же дарыкананын кызматкерине кайрылыңыз. Бул сунуштама пайда болушу мүмкүн болгон бардык жагымсыз реакцияларга, ошондой эле кошумча баракчанын 4-бөлүмүндө көрсөтүлбөгөн жагымсыз реакцияларга да тиешелүү.

**Кошумча баракчанын мазмуну**


1. Максигра препараты деген эмне жана качан колдонулат
2. Максигра препаратын кабыл алуунун алдында эмнени билүү керек
3. Максигра препаратын кабыл алуу
4. Пайда болушу мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар
5. Максигра препаратын сактоо
6. Таңгактын ичиндегиси жана башка маалыматтар


## 1. Максигра препараты деген эмне жана качан колдонулат

Силденафил Максигра препаратынын таасир берүүчү заты болуп саналат, ал 5-типтеги фосфодиэстеразанын (ФДЭ5) ингибиторлорунун тобуна таандык. Препарат сексуалдык дүүлүгүүдө жыныстык мүчөнүн кан тамырларын кеңейтет. Натыйжада жыныстык мүчөдө кан агымы күчөйт, бул болсо кадимки эрекциянын болуусуна көмөктөшөт.

Максигра препараты импотенция деп аталган эректилдик дисфункциясы бар эркектерди дарылоо үчүн жасалган. Импотенция учурунда эркектерде жыныстык катнашка керектүү кадимки эрекция болбой калат.

## 2. Максигра препаратын кабыл алуунун алдында эмнени билүү керек

**Каршы көрсөтмөлөр**

**Эгер сизде төмөнкүдөй жагдайлар болсо, Максигра препаратын кабыл албаңыз:**

- Сизде силденафилге же препараттын башка курамдык бөлүктөрүнүн бирине аллергияңыз бар болсо (кошумча баракчанын 6-бөлүмүндө көрсөтүлгөн);
- Сиз **нитраттардын тобуна таандык препараттарды** кабыл алып жатсаңыз, анткени мындай айкалыш артериялык басымдын тез түшүшүнө алып келиши мүмкүн. Эгер сиз мындай препараттарды кабыл алып жатсаңыз, дарыгериңизге айтыңыз (эрежеге ылайык, алар стенокардиянын курч кармоолорун, «көкүрөктүн аркасындагы ооруну» басуу же аларга алдын ала чара көрүү үчүн колдонулушат). Эгер сиз бул нерсеге күмөн санап жатсаңыз, дарыгериңизге кайрылыңыз.
- Сиз амилнитрит («попперстер») сыяктуу **азот оксидинин донаторлору болгон препараттарды** кабыл алып жатсаңыз, анткени мындай айкалыш артериялык басымдын коркунуч жараткан төмөндөөсүнө алып келиши мүмкүн;
- Сиз риоцигуатты кабыл алып жатсаңыз. Бул препарат өпкө артериялык гипертензияны (б.а. өпкөдө жогорку кан басымын) жана өнөкөт тромбоэмболиялык өпкө гипертензиясын дарылоо үчүн колдонулат (б.а. өпкөдө жогорку кан басымы, кан уюга караганда кайталанган). Максигра препараты сыяктуу ФДЭ5 ингибиторлору бул препараттын гипотензивдик таасирлерин күчөтүшөт (артериялык басымды төмөндөтүшөт). Эгер сиз риоцигуатты кабыл алып жатсаңыз, же күмөн санап жатсаңыз, бул тууралуу дарыгериңизге маалымдаңыз.
- Сизде **жүрөктүн же боордун оор оорусу** бар болсо;
- Сиз жакында эле **инсультту же жүрөктүн курч кармоосун** башыңыздан өткөрсөңүз, же сизде **артериялык басым төмөн болсо**;
- Сизде **көздүн сейрек тукум кууган оорулары** бар болсо (мисалы, пигменттик ретинит);
- Сизде кайсы бир учурда көрүү нервинин артерииттик эмес алдынкы ишемиялык нейропатиясына байланыштуу болгон **көрүүнүн жоготуу** белгиленсе.

Эгер жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн бирөө сизге тиешелүү болсо, Максигра препаратын кабыл албаңыз жана дарыгерге кайрылыңыз.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр жана алдын алуу этияттык чаралары**

Эгер сизде төмөнкүдөй учурлар белгиленсе, Максигра препаратын колдонуунун алдында дарыгер менен кеңешиңиз:

- сизде төмөнкү оорулар бар болсо: орок сымал клеткалуу анемия (эритроциттердин патологиясы), лейкемия (кандын клеткаларынын рагы), көптөгөн миелома (кемик затынын рагы);
- сизде жыныстык мүчөнүн деформациясы же Пейрони оорусу бар болсо;
- сизде кандайдыр бир жүрөк патологиясы бар болсо. Жыныстык катнашка

байланыштуу болгон жүрөккө кошумча күч келтирүү мүмкүнчүлүгүнө карата дарыгериңиздин кылдат медициналык текшерүүсүнөн өтүшүңүз керек;
- сизде азыркы учурда ашказан жарасы бар болсо же сиз кан агуулар менен коштолгон оору менен жапа чегип жатсаңыз (мисалы, гемофилия).

Эгер сиз тез арада көрүүнүн начарлоосун байкап жатсаңыз же көрбөй калсаңыз, Максигра препаратын кабыл алууну токтотуңуз жана дароо дарыгериңизге кайрылыңыз.

Максигра препаратын эрекциянын бузулууларын дарылоого жасалган башка пероралдык же жергиликтүү каражаттар менен айкалышта колдонууга болбойт.

Максигра препаратын силденафилди же ФДЭ5 башка ингибиторлорун камтыган өпкө гипертензиясын дарылоо үчүн препараттар менен айкалышта колдонууга болбойт.

Эгер сизде эректилдик дисфункция жок болсо, Максигра препаратын колдонууга болбойт.

Эгер сиз айым болсоңуз, Максигра препаратын колдонууга болбойт.

**Бөйрөк же боор оорулары бар бейтаптарга колдонуу боюнча өзгөчө көрсөтмөлөр.**
Эгер сизде бөйрөк же боор оорулары бар болсо, дарыгериңиз менен кеңешиңиз. Дарыгериңиз препараттын дозасын төмөндөтүү зарылчылыгына карата чечим чыгарышы мүмкүн.

**Балдар жана өспүрүмдөр**
Максигра препараты балдарга жана 18 жашка чейинки өспүрүмдөргө колдонууга арналган эмес.

**Башка препараттар жана Максигра препараты**
Эгер сиз кандайдыр бир башка препараттарды жакында эле кабыл алсаңыз, азыр кабыл алып жатсаңыз же кабыл алып баштай турган болсоңуз, бул тууралуу дарылап жаткан дарыгерге же дарыкананын кызматкерине маалымдаңыз.
Максигра препараты кээ бир дары каражаттары, айрыкча көкүрөктүн аркасындагы ооруну басуу жана алдын алуу үчүн колдонулган дары каражаттары менен өз ара аракеттешиши мүмкүн. Тез жардамды талап кылган жагдайлар пайда болгон учурда сиз дарыгериңизге же дарыкана кызматкерине Максигра препаратын кабыл алгандыгыңызды жана кабыл алуу убактысын айтышыңыз керек. Дарыгериңиз менен башка дары каражаттарды айкалыштырып чогуу кабыл алууну макулдашканга чейин Максигра препаратын башка дары каражаттар менен чогуу кабыл албаңыз.

Дарыгериңизге төмөнкү препараттарды кабыл алгандыгыңыз тууралуу маалымдаңыз:
- нитраттардын тобуна таандык препараттар (эрежеге ылайык, алар стенокардиянын курч кармоосуна, «көкүрөктүн аркасындагы ооруга» алдын ала чара көрүү же аны басуу үчүн колдонулушат) – Максигра препаратын кабыл албаңыз, анткени мындай айкалыш артериялык басымдын коопту төмөндөөсүнө алып келиши мүмкүн.
- амилнитрит («попперстер») сыяктуу азот оксидинин донаторлору болгон препараттар–

Максигра препаратын кабыл албаңыз, анткени мындай айкалыш артериялык басымдын коркунуч жараткан төмөндөөсүнө алып келиши мүмкүн.

- риоцигуат - өпкө артериялык гипертензияны (б.а. өпкөдө жогорку кан басымы) жана өнөкөт тромбоэмболиялык өпкө гипертензиясын дарылоо үчүн колдонулат (б.а. өпкөдө жогорку кан басымы, кан уюга карата экинчи жолку).
- Протеаза ингибиторлорунун тобуна таандык препараттар, мисалы, АИВ-инфекциясын дарылоо үчүн препараттар. Дарыгериңиз Максигра препаратын эң төмөнкү дозадан баштап кабыл алууну сунушташы мүмкүн (25 мг).

Жогорку артериялык басымды же эрендик бездин гипертрофиясын дарылоо үчүн альфа-адренобөгөттөгүчтөр. Кээ бир бейтаптарда жеңил же айкын баш айлануу белгилениши мүмкүн, бул болсо дененин абалын тез өзгөртүп өйдө тургандан же отургандан кийин артериялык басымдын төмөндөөсүнө байланыштуу болушу мүмкүн. Кээ бир бейтаптар Максигра препаратын альфа-адренобөгөттөгүчтөр менен чогуу кабыл алууда жогоруда көрсөтүлгөн симптомдордун пайда болгондугу тууралуу маалымдашкан. Максигра препаратын кабыл алуудан кийин 4 сааттын ичинде мындай симптомдордун пайда болуу мүмкүнчүлүгү жогору болот. Көрсөтүлгөн симптомдордун өрчүү мүмкүнчүлүгүн азайтуу үчүн Максигра препараты менен дарылоону баштаарга чейин альфа-адренобөгөттөгүчтүн ылайыктуу суткалык дозасын тандап алуу керек. Дарыгериңиз Максигра препаратын кабыл алууну эң төмөнкү дозадан (25 мг) баштоону сунушташы мүмкүн.

- сакубитрилди камтыган препараттарды валсартан менен, жүрөк жетишсиздигин дарылоодо колдонулат.

**Максигра препараты тамак-аш, суусундуктар жана алкоголь менен**

Максигра препаратын эттүү оор тамак-аштар менен чогуу кабыл алуудан кийин анын жайыраак таасир берип баштаарын байкашыңыз мүмкүн.

Алкоголду кабыл алуу эрекцияны убактылуу бузушу мүмкүн. Препараттын эң мыкты дарылык таасирине жетүү үчүн сиз Максигра препаратын кабыл алуунун алдында алкоголду ичпешиңиз керек.

**Кош бойлуулук жана бала эмизүү**

Максигра препараты айымдарга колдонууга арналган эмес.

**Унаа каражаттарды башкаруу жана механизмдер менен иштөө**

Силденафил баш айланууну козгоп, көрүүгө таасир бериши мүмкүн. Унаа каражаттарды башкарууга жана механизмдер менен иштөөгө чейин сиздин Максигра препаратына көтөрүмдүүлүгүңүздү текшерүү керек.

**Максигра препаратында натрий камтылат**

Жука чел кабык менен капталган препараттын бир таблеткасында 1 ммолдон азыраак натрий камтылат (23 мг), башкача айтканда, анда натрий дээрлик камтылбайт.

## 3. Максигра препаратын кабыл алуу

Препаратты дайыма дарылап жаткан дарыгердин же дарыкана кызматкеринин

сунуштоолоруна ылайык гана кабыл алыңыз. Күмөн санаган учурда дарылап жаткан дарыгер же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз.

**Сунушталган баштапкы доза** 50 мг түзөт.
Максигра препаратын суткасына бирден ашык кабыл алууга болбойт.
Максигра препаратын силденафилди камтыган башка дары каражаттары менен айкалышта кабыл албаңыз.

**Колдонуу жолу жана (же) ыкмасы**
Максигра препаратын пландап жаткан жыныстык катнашка болжол менен бир саат калганда кабыл алуу керек.
Таблетканы бүтүн бойдон стакан суу менен жутуңуз.

Эгер сиз Максигра препаратынын ашыкча таасирин сезип жатсаңыз же тескерисинче таасири жетишсиз болуп жаткандай сезилсе, дарыгериңизге кайрылыңыз.
Максигра препараты сексуалдык дүүлүгүү бар болгон учурда гана эрекциянын башталуусуна көмөктөшөт. Максигра препаратынын таасири ар кандай адамдарда ар кандай убакытта башталат, бирок адатта ал 30 минутадан бир саатка чейин белгиленет. Максигра препаратын тамак-аш менен кошо же өзүнчө кабыл алууга болот. Көп тамак жегенден кийин Максигра препаратынын таасири кечирээк башталышы мүмкүн.

Эгер Максигра препараты эрекциянын башталуусун жеңилдетпесе же эрекция жыныстык катнашты аяктоо үчүн жетишээрлик убакытка сакталбай жатса, дарыгерге кайрылышыңыз керек.

**Эгер сиз Максигра препаратын керектүүдөн көбүрөөк кабыл алсаңыз**
Ашыкча дозаланууда жагымсыз реакциялардын санынын жогорулоосун жана алардын оордошуусун байкашыңыз мүмкүн. Дозанын 100 мг дан ашык жогорулоосу натыйжалуулуктун жогорулоосу менен коштолбойт. Таблеткаларды дарыгериңиз сунуштагандан көп кабыл албаңыз. Эгер сиз сунушталгандан көп таблеткаларды кабыл алсаңыз, дароо дарыгериңизге кайрылыңыз.

Препаратты колдонуу боюнча суроолоруңуз бар болсо, дарылап жаткан дарыгерге же дарыкананын кызматкерине кайрылыңыз.

## 4. Пайда болушу мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар

Бардык дары каражаттары сыяктуу эле Максигра препараты да жагымсыз реакцияларды козгошу мүмкүн, бирок алар бардыгында эле пайда боло беришпейт.
**Эгер сизде төмөндө көрсөтүлгөн олуттуу жагымсызреакциялардын бири пайда болсо, Максигра препаратын кабыл алууну токтотуңуз жана дароо медициналык жардамга кайрылыңыз:**

- Аллергиялык реакциялар – мындай жагымсыз реакциялар жыш эмес кездешет (100дөн 1 адамда, андан көп эмес). **Алардын көрүнүштөрүнө күтүүсүз кыйчылдап дем алуу, кыйналып дем алуу же баш айлануу, кабактардын, беттин, эриндердин**

**же тамактын шишимиги кирет.**

- Көкүрөктөгү оорулар – мындай жагымсыз реакциялар **жыш эмес** кездешет.
  Эгер мындай жагымсыз реакция жыныстык акт учурунда же андан кийин өрчүсө
  - Толук эмес отурган абалды алып, өзүңүздү бош таштоого аракет кылыңыз.
  - Көкүрөктөгү ооруну басуу үчүн **нитраттарды кабыл албаңыз**.
- Узакка созулган жана кээде ооруксунткан эрекция – мындай жагымсыз реакциялар **сейрек** кездешет (1000ден 1 адамда, андан көп эмес).
  Эгер эрекциянын созулуу убактысы сизде 4 сааттан ашса, дароо дарыгерге кайрылышыңыз керек.
- Көрүүнүн күтүүсүз начарлоосу же көрбөй калуу – мындай жагымсыз реакциялар **сейрек** кездешет.
- Теринин оор реакциялары – мындай жагымсыз реакциялар **сейрек** кездешет.
  Эпидермистин түлөшү жана теринин катуу шишимиги, тилде, гениталийлерде жана көздөрдүн тегерегинде ыйлаакчалуу бөртмөлөнүүнүн пайда болуусу, калтыратма.
- Карышуулар же талманын курч кармоолору – мындай жагымсыз реакциялар **сейрек** кездешет.

**Максигра препаратын кабыл алууда байкалышы мүмкүн болгон башка жагымсыз реакциялар**

**Абдан тез-тез** (10дон 1 адамда пайда болушу мүмкүн, же андан көбүрөөк):

- Баш оору.

**Тез-тез** (10дон 1 адамда пайда болушу мүмкүн, же андан азыраак):

- көңүл айнуу,
- бетке кан келүү,
- ысыктын келүүсү (көрүнүштөрүнө дененин жогорку жагында күтүүсүз ысуу сезими камтылат),
- диспепсия,
- хроматопсия (өндүн түстөрүн кабыл алуунун өзгөрүүсү),
- бүдөмүк көрүү,
- көрүүнүн бузулуусу,
- мурун бүтүү,
- баш айлануу.

**Көп эмес** (100 дөн 1 адамда пайда болушу мүмкүн, же андан азыраак):

- кусуу,
- тери бөртмөсү,
- көздөрдүн дүүлүгүүсү,
- көздөрдүн кызаруусу,
- көздөрдүн оорушу,
- көздөрдүн алдында жарыктын жаркылдаган сезимдери,
- көрүүнүн жарык болуусунун жогорулоосу,
- жарыкка жогорку сезгичтик,
- жаш агуу,

- жүрөктүн катуу дүкүлдөөсү,
- жүрөктүн тез согуусу,
- артериялык басымдын жогорулоосу,
- артериялык басымдын төмөндөөсү,
- булчуңдардын оорушу,
- уйкусуроо,
- тактилдик сезгичтиктин азайышы,
- вертиго,
- кулактардын чуулдоосу,
- ооздун кургак болуусу,
- мурундун кошумча кобулдарынын тыгыны же бүтөлүүсү,
- мурун көңдөйүнүн былжыр чел кабыгынын сезгенүүсү (симптомдоруна ринорея, чүчкүрүү жана мурун бүтүү кирет),
- ичтин жогорку жактарындагы оору,
- гастро-эзофагалдык рефлюкс (симптомдоруна зарына кирет),
- заарада кандын пайда болуусу,
- колдордун жана буттардын оорушу,
- мурундан кан агуулар,
- ысуу сезими,
- чаалыгуу.

**Сейрек** (1000 ден 1 адамда пайда болушу мүмкүн, же андан азыраак):

- эс учун жоготуу,
- инсульт,
- жүрөктүн курч кармоосу,
- жүрөктүн ыргактуу эмес согуусу,
- мээнин ар кандай жерлеринде кан агымынын келип кетүүчү бузулуусу,
- тамактын кысылуу сезими,
- ооздун сезбей калышы,
- көздүн арткы камерасына кан куюлуу,
- көзгө кош көрүнүү,
- курч көрүүнүн начарлоосу,
- көздөрдө сезгичтиктин бузулуусу,
- көздөрдүн жана кабактардын шишимик тартуусу,
- көздөрдүн чыбырчыктоосу,
- жарык булактарынын айланасында ореолдордун пайда болуусу,
- каректин кеңейүүсү,
- көздөрдүн белокторунун түсүнүн өзгөрүүсү,
- жыныстык мүчөдөн кан агуу,
- спермада кандын пайда болуусу,
- мурундун кургак болуусу,
- мурун көңдөйүнүн былжырынын шишимиги,
- кыжырдануу,

- угуунун күтүүсүз начарлоосу же укпай калуу.

Каттоодон кийин көзөмөл жүргүзүүнүн маалыматтарына ылайык, туруксуз стенокардиянын өрчүгөн учурлары (жүрөк патологиясы) жана күтүүсүз өлүм учурлары сейрек белгиленген. Жогоруда белгиленген көпчүлүк эркектерде (бирок бардыгында эмес) бул препаратты кабыл алууга чейин деле жүрөк патологиялары бар болгон. Мындай учурлар түздөн-түз силденафилди кабыл алууга байланыштуу болгондугун аныктоо мүмкүн эмес.

**Жагымсыз реакциялар тууралуу маалымдоо**
Эгер сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар пайда болсо, дарылап жаткан дарыгер же дарыкананын кызматкери менен кеңешиңиз. Бул сунуш бардык жагымсыз реакцияларга, ошондой эле кошумча баракчада көрсөтүлбөгөн жагымсыз реакцияларга тиешелүү. Сиз жагымсыз реакциялар, ошондой эле дары каражаттардын Евразиялык экономикалык биримидикке мүчө-өлкөнүн аймагында аныкталган натыйжасыз болуусу тууралуу жагымсыз реакциялар (таасирлер) боюнча маалымат базасына маалымдай аласыз. Жагымсыз реакциялар тууралуу маалымдап, сиз препараттын коопсуздугу боюнча көбүрөөк маалымат алууга жардам бересиз.
*Беларусь Республикасы*
«Саламаттык сактоодо экспертизалар жана текшерүүлөр борбору» УИ
Дареги: 220037, Минск ш., Товарищеский кыска көч., 2а
Телефон: +375 (17) 242-00-29
Факс: +375 (17) 242-00-29
Электрондук почта: rcpl@rceth.by
Сайт: www.rceth.by

*Кыргыз Республикасы*
Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти
Дареги: 720044, Бишкек ш., 3-линия көч., 25
Телефон: +996 (312) 21-92-88
«Тез байланышуу» телефону: 008 800 26 26
Тел. факс: +996 (312) 21-05-08
Электрондук дареги: dlsmi@pharm.kg
Сайт: http://www.pharm.kg/

## 5. Максигра препаратын сактоо

Препаратты бала көрө албагандай кылып, бала жетпеген жерде сактаңыз.

Нымдан жана жарыктан коргоо үчүн өзүнүн таңгагында, 25°Cдан жогору эмес аба табында сактоо керек.

Препаратты картон кутучада жана контурлуу уячалуу таңгакта көрсөтүлгөн жарактуулук

мөөнөтү (сактоо мөөнөтү) аяктагандан кийин колдонбоңуз. Көрсөтүлгөн айдын акыркы күнү жарактуулук мөөнөтү аяктаган күн болуп саналат.

Препаратты канализацияга таштабаңыз (төкпөңүз). Керектелбей калган препараттардан кантип кутулуу керек экендигин дарыкананын кызматкеринен тактап алыңыз. Мындай чаралар айлана-чөйрөнү коргоого мүмкүнчүлүк беришет.

## 6. Таңгактын ичиндегиси жана башка маалыматтар

**Максигра препаратында төмөнкүлөр камтылат**
Силденафил таасир берүүчү заты болуп саналат.
Максигра препаратынын 50 мг ар бир таблеткасында 50 мг силденафил камтылат (70,24 мг силденафил цитраты түрүндө).
Максигра препаратынын 100 мг ар бир таблеткасында 100 мг силденафил камтылат (140,48 мг силденафил цитраты түрүндө).
Көмөкчү заттары төмөнкүлөр: *таблетканын чордону* - маннитол, кросповидон, повидон, жүгөрү крахмалы, коллоиддик кремний диоксиди, натрий лаурилсульфаты, магний стеараты; *жука чел кабыгы* - гипромеллоза, макрогол 6000, титан диоксиди (Е171), тальк, индигокармин лагы (Е132).

**Максигра препаратынын сырткы көрүнүшү жана таңгагынын ичиндегиси**
Тегерек, эки тарабы дөмпөйгөн, жука чел кабык менен капталган, көгүш таблеткалар.

Таңгакта 1 же 4 таблетка; ПВХ/ПВДХ/алюминий фольгадан турган блистерлер картон кутуда.

**Каттоо күбөлүгүн кармоочу жана өндүрүүчү**
Фармацевтикалык завод «ПОЛЬФАРМА» АК
Пельплиньска көч., 19, 83-200 Старогард Гданьски, Польша

Препарат тууралуу бардык маалымат боюнча каттоо күбөлүгүн кармоочунун жергиликтүү өкүлүнө кайрылуу керек:

*Беларусь Республикасы*
«Акрихин БиУай» ЖЧК
7-409, Бехтерев көч., 220026 Минск
Телефон/факс: +375 17 368 59 98
Электрондук дареги: sergei.levyj@akrikhin.by

*Кыргыз Республикасы*
Кыргыз Республикасында «Химфарм» АК өкүлчүлүгү
Бишкек ш., Орозбеков көч., 52-54, 3-кабат
Телефон номери: +996312975635
Электрондук дареги: pvh-kg@santo.kz

**Кошумча баракча кайрадан каралып чыккан**

.............

**Маалыматтын башка булактары**

Бул препарат тууралуу толук маалыматтар Биримдиктин веб-сайтында камтылат http://eec.eaeunion.org/.